Болгомбаев Б.
*К.Тыныстанов ат. ЫМУ*

# СҮЙҮКТҮҮ АГАЙЫБЫЗ ҮСӨНБЕК АСАНАЛИЕВ 80 ЖАШТА

Көп кырдуу талант, дасыккан педагог, кадырман карыя, ойчул акын, сөздөрдүн гүлүн терип, сөз багып, сөз кадырына жете билген чечен, кыргыз элине төбөсү көрүнгөн тилчи-түрколог, котормочу, комузчу, обончу, кара кылды как жарган калыс журналист, орошон ойлуу Асаналиев Үсөнбек Асаналиевич 80 жашта. Агайыбыздын бүткүл эмгек ишмердиги илим жана билим менен тыгыз байланыштуу. Андан сырткары, ыйык поэзия дүйнөсүнөн өз ордун тапкан мыкты акын. Агайыбыздын ыр казынасы – түгөнбөгөн кенч. Аалам, бул жашоонун ачуу чындыгы, өмүр, өлүм, адамдар арасындагы ак менен кара, карама-каршылыктар, жаратылыш, сүйүү ж.б ар кыл темалардагы, ырлардан ким экениңди, адамдардын кайсы тобуна кошуларыңды, кайсы багытты тандап, кандай жолдо кетип бара жатканыңды, жалпылап айтканда, адам, инсан деген атка татыктуусуңбу деген сыяктуу баш катырган суроолорго жооп табасың.

Агай бүт өмүрүн эл арасынан макал-лакап, учкул сөздөрдү издеп, жыйноого арнады. Ал эми өзүнүн ой толгоосунан жаралган таасын ойлору, санат сөздөрү – элибиз үчүн баа жеткис мурас. Азыркы учурда калк арасынан агайдын кээ бир макал-лакаптарын кезиктирип, элдик болуп бара жатканына ынанасың.

Ар тараптуу талант акыл айтып, жаштарга кеп-кеңешин берип, тарбиялап, ыймандуулукка, адептүү-лүккө үндөйт. Ошону менен катар, баскан-турганы, сүйлөгөн сөзү, адамга кылган мамилеси, бийик адамгерчилиги – жалпыбызга үлгү.

Урматтуу жаштар, калайык-калк, XVIII-XIX кылымдарда көл жергесинде жашап өткөн кадырман акелердин ордун басчу карыларыбыз бар. Алсак, Карга акенин урпагы - Үсөнбек Асаналиев, Мойт акенин урпагы – Сапар Бегалиев, Сарт акенин урпагы - Акеш Иманов өңдүү окуу жайыбыздын көркү болгон үч алпка аке наамын ыйгарууну сурап, жалпы элге кайрылууга толук далил, мисалдарым бар. Азыркы учурдагы кары адамдардын үлгүсү болгон университетибиздин үч мугалими, мударис-насаатчылары болгон жогору-дагы агайларым толук татыктуу.

Канында Карга акенин ыйык каны аккан агайым Үсөнбек Асаналиев менен сыймыктанам. Жакшы деген нерсенин баарын бүт боюна сиңирген Сиздей Кызыр ыроологон, ардактуу адам чанда жаралат. Тайсалдабай, түз басып келген даңгыр жолуңуздун сапары узак болсун! Кудайым Сизге узун өмүр жаш берип, жамы журт, сиз сүйгөн балдар-кыздарыңыздын арасында бар болуңуз!

Кутман курагыңыз менен!

**Үсөнбек агайга**

Журналист, акын, илимпоз,
Үсөнбек агай көп кырдуу.
Мугалим деген атка да,
Сыймык менен татыктуу.

Үлгү болуп баарына,
Акыл айтып калкына.
Келечекке жол баштап,
Келатасыз даңктала.

Көп ашууну аштыңыз,
Сексенге чыкты жашыңыз.
Дагы-дагы көп жашап,
Жаштарга билим чачыңыз.